Божонов Замирбек Сабиржановичтин **«Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлордун тарбиялык ишмердүүлүгүн уюштуруунун педагогикалык шарттары»** аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине биринчи расмий оппонент, педагогика илимдеринин доктору, профессор Раимкулова Ажарбүбү Супуровнанын

ПИКИРИ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** «Кыргыз Республикасынын Конститутциясында», «Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү Мыйзамында», «Кыргыз Республикасындагы элдердин жана этностор аралык мамилелерди бекемдөө Концепциясында», «Кыргызстандын жаштар саясатынын Концепциясында», «Кыргыз Республикасында балдарды жана жаштарды тарбиялоонун 2020-жылга чейинки Концепциясында» жана башка расмий документтерде жарандарды инсандык жактан калыптандыруу боюнча тиешелүү милдеттер коюлган.

Бул нормативдик документтердеги талаптар ЖОЖдогу тарбиялык иштердин башкы максаттарын, милдеттерин орундатууга багытталышы керек. Тарбиялык иштердин мазмунунда инсандын өзүн-өзү реализациялоосун, жаран катары өзүн-өзү аңдап-сезүүсүн өркүндөтүү үчүн тиешелүү шарттарды түзүү, социалдык жактан компетенттүү, гуманисттик идеяларга багыт алган, академиялык жактан мобилдүү, дүйнө таанымы жагынан кенен мүмкүнчүлүккө ээ болгон, өзүнүн жашоо сапатын өзгөртө алган инсанды калыптандырууга көмөктөшүү турат. Ошондуктан кураторлордун тарбиялык ишмердүүлүгүнүн мазмунун азыркы талапка ылайык аныктоо жана таалим-тарбия процессинде аны ишке ашыруунун методдорун, каражаттарын жана формаларын иштеп чыгуу педагогика илиминин актуалдуу проблемаларынын бири болуп саналат.

Жогоруда айтылгандардын баары азыркы коомдун талаптарына жооп берген кураторлук системаны теориялык жактан негиздеп, практикага киргизүү зарылдыгын шарттайт. Мындай максат тарбиялоо процессин уюштуруунун дүйнөлүк тажрыйбасын жана андагы куратордун ролун, тарбиялык процессти башкаруу теориясы менен практикасын талдоону талап кылат. Бул илимий изилдөөнүн актуалдуулугун негиздейт.

**Диссертацияда берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделүү даражасы.**

**1-натыйжа.** Изденүүчү куратордук институттун педагогикалык теориядагы жана практикадагы абалын, методологиялык негиздерин аныктоо үчүн психологиялык, педагогикалык илимий-методикалык адабияттарды изилдөөгө алган.

**2-натыйжа.** Окуу-тарбия процессинин түрдүү баскычтарында куратордук ишмердүүлүктү уюштуруунун принциптери, функциялары жана талаптары аныкталган.

**3-натыйжа.** Куратордун тарбиялык ишмердүүлүгүн уюштуруунун модели иштелип чыккан, ал окуу-тарбия процессине киргизилген.

**4-натыйжа.** Студенттерди тарбиялоодо жана аларды өзүн-өзү тарбиялоодогу куратордук ишмердүүлүктүн компоненттери, принциптери жана функциялары аныкталган.

**5-натыйжа.** Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде алардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн каражаттары, формалары, методдору жана технологиялары иштелип чыккан. Түзүлгөн моделдин эффективдүүлүгү жана методикалык сунуштардын натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте текшерилген.

Илимий иштин натыйжалары илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда талкууланган. Изилдөөнүн мазмунуна байланыштуу 14 илимий

макала жарык көргөн, алардын ичинен 5 макала РИНЦ системасында жарыяланган.

Диссертант тарабынан коргоого сунушталган жоболор, жыйынтыктар жана корутундулар негиздүү болуп эсептелет жана педагогика илиминин аталган багыты үчүн өзгөчө мааниге ээ.

**Изилдөөнүн илимий жана практикалык маанилүүлүгү.** Диссертациялык иш илимий жана практикалык мааниге ээ болуп эсептелет. Анткени изилдөөчү психологиялык-педагогикалык изилдөөлөргө негиздеп, студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлордун педагогикалык ишмердүүлүгүнүн мотивациялык, долбоорлоочулук, коммуникативдик, уюштуруучулук, инсандык-рефлекциялык, креативдүүлүк компоненттерин жана аларга тиешелүү болгон кандай билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуусун аныктаган. Студенттерди инсандык жактан калыптандырууну камсыздоого багытталган кураторлордун ишмердүүлүгүн уюштуруунун моделин, нормативдик документтерди жана куратордук журналды, иш пландарды, көрсөтмөлөрдү, жоболорду ЖОЖдордун кураторлору академиялык тайпаларда пайдаланууга болот.

**Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу боюнча сунуштар.** Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, тыянактарынын, корутундусунун негизделгендик жана ишенимдүүлүк даражасы күмөн-шек жаратбайт. Алардын жыйындысы педагогика илимин өнүктүрүү үчүн чоң мааниге ээ болот.

Иште алынган натыйжалар илимий прикладдык жактан жетишээрлик баалуулугу менен мүнөздөлөт. Анткени Ош мамлекеттик университетинде иштелип чыгып бекитилген, изилдөөнүн негизги проблемасы катары эсептелген «Студенттик тайпалардын кураторлору жөнүндөгү» жобо төмөндөгүлөрдү камтыйт: жалпы жоболор, кураторлордун ишин пландаштыруу жана уюштуруу, студенттик тайпанын кураторунун милдеттери, кураторлордун ишин методикалык жактан камсыздоо жана студенттик тайпанын кураторунун укуктары билим берүү системасындагы

актуалдуу маселелердин бирин чечүүгө өз салымын кошот. Алынган натыйжалар ички биримдикке ээ, практикалык сунуштар текшерилген, теориялык жоболорго негизделген.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.** Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы теманын актуалдуулугуна, изилдөөнүн проблемасына, максаты менен милдеттерине, илимий жаңылыгына, илимий-теориялык жана практикалык маанисинин аныкталышына, коргоого коюлуучу негизги жоболорго, изденүүчүнүн жеке салымына, иштин натыйжаларынын тастыкталышына, диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышынын толуктугуна, изилдөөнүн структурасына толугу менен дал келет. Автореферат кыргыз, орус, англис тилдеринде бирдей мазмундагы резюмелерге ээ.

**Диссертациянын мазмунундагы жана автореферattагы кезиккен мүчүлүштүктөр.** Диссертацияда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен бирге айрым бир кемчиликтер орун алган:

1. Диссертациялык иште 5 милдет коюлган, биздин оюбуз боюнча экинчи милдет үчүнчү милдет менен бирге каралса жетиштүү болмок.
2. Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу комплекстүү, көп жактуу процесс болуп эсептелгендиктен педагогикалык экспериментте инсандын мүнөздөрүн аныктоонун башка методикалары да колдонулса жакшы болмок.
3. Кыргыз Республикасынын башка ЖОЖдорундагы кураторлук институттун абалы, өзгөчөлүктөрү толук берилген эмес.

Жогорудагы мүчүлүштүктөр диссертациянын жалпы мазмунуна жана анын баалуулугуна, сапатына олуттуу таасир тийгизбейт.

**КРнын “Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун” 10 п. ылайыктуулугу, критерийлерине иштин жооп бериши (критерийлер тиркелет).**

Божонов Замирбек Сабиржановичтин 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган **«Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлордун тарбиялык ишмердүүлүгүн уюштуруунун педагогикалык шарттары»** аттуу диссертациялык иши актуалдуу темага арналып, теориялык жана практикалык мааниге ээ. Главалардын мазмуну, алынган натыйжалардын берилиши, тажрыйбалык-эксперименттин жүрүшүндө алынган жыйынтыктар илимий жактан негизделген.

Диссертациялык жумуш өз алдынча аткарылып, толук аяктаган эмгек болуп эсептелет. Анын илимий жыйынтыктары, жаңылыгы жана ынанымдуулугу менен айырмаланат. Автордун өздүк көз караштары, жоболордун берилиш логикасы, жыйынтыктар жана практикалык сунуштар обьективдүү көрсөткүчтөргө таянган.

Диссертациялык иш КРнын ЖАКтын "Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобосунун" кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет. Ал эми анын автору 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын алууга толук татыктуу.

**Расмий оппонент, педагогика**
**илимдеринин доктору, профессор:** [signature] **А.С.Раимкулова**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

А.С. Раимкулованын колун тастыктаймын
Бөлүм башчысы [signature] Исмаилова А.

Диссертациялык кеңешке
5.07.2018-ж. келип түштү.
Окумуштуу катчы: [signature] Байсеркеев А.Т.